**Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин**
**Окумуштуулар кеңешинин жыйынынын**
**ПРОТОКОЛУНУН КӨЧҮРМӨСҮ**

5.12.2024-жыл. №4 Жалал-Абад шаары
Төрагасы - Усенов К.Ж.
Катчысы – Ырысбай к.С.
Катышкандар: Окумуштуулар кеңешинин 49 мүчөсүнүн 38 мүчөсү
Катышпады: 11 мүчө (бирөө себептүү)
Чакырылгандар: 1, (Адистерди кесиптик өнүктүрүү институтунун директору К.М.Таштанова).
Жыйынга жалпы 40 киши катышты.

**Күн тартиби:**

2. ЖАМУнун окуу иштери боюнча проректорунун окуу процессинин уюштурулушу, жүргүзүлүшү боюнча отчету А.П.Алибаев

**2-маселе**
**УГУЛДУ:**
**А.П.Алибаев-ОИ боюнча проректор** ЖАМУ боюнча 2023-2024-окуу жылындагы окуу жүктөмдөрүнүн пландалышы жана аткарылышы боюнча төмөндөгүдөй маалымат берди: 2023-2024-окуу жылында ЖАМУ боюнча жалпы **591953,57** саат окуу жүктөмү пландаштырылып андан **590398,26** саат аткарылбай калган, айырмасы **2987,63** саат. **Анын ичинен:Бюджеттен** – пландаштырылганы **83445,83** саат, аткарылганы **83096,48** саат, айырмасы **219,8** саат, **Контракттан** – пландаштырылганы **509500,19** саат, аткарылганы **508389,05** саат, айырмасы **19382,43** саат. Аткарылбай калган айырма саат окуу жүктөмдөрү студенттердин контингентинин кыймылына байланыштуу
**ЖАМУ боюнча жылдарга салыштырмалуу окуу жүктөмдөрүнүн көлөмүнүн өзгөрүлүшү а**кыркы беш жыл аралыкка салыштырмалуу 2023-2024-окуу жылында окуу жүктөмдөрүнүн көлөмү төмөндөгөнү байкалат. Ал окуу жылында профориентациялык иштердин жүргүзүлүшүнүн, аткарылышынын, студенттерди ЖАМУга кабыл алуунун натыйжасында келип чыгууда.
Факультеттердеги илимий даражалуу окутуучулардын проценттик катышы

| № | Факультеттер | Илимий даражалуулар, % | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 2019-2020 | 2020-2021 | 2021-2022 | 2022-2023 | 2023-2024 |
| 1 | **ТТФ** | 43,3 | 42 | 43,89 | 43,90 | **43,90** |
| 2 | **ФФ** | 31,3 | 33 | 42,46 | 42,40 | **42,40** |
| 3 | **ЭЮФ** | 49,8 | 48,3 | 46,27 | 46,30 | **47,40** |
| 4 | **МФ** | 20,7 | 28,6 | 28,6 | 30,60 | **32,60** |
| 5 | **ПМТФ** | 23,4 | 31,46 | 37,5 | 37,46 | **38,46** |
| | **ЖАМУ б-ча** | **33,7** | **37** | **39,74** | **40,16** | **41,08** |




**Жогорку билим берүү боюнча 2018-2023-окуу жылдарында салыштырмалуу абсолюттук жана сапаттык жетишүүсү**

| № | Окуу жылдар | Жалпы студ. саны | Окуунун мыктылары | | Абсолюттук жетишүү, % | Сапаттык жетишүү, % |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | Кол-во | % | | |
| 1 | 2019-2020 | 5784 | 232 | 4,41% | 92,43% | 57,04% |
| 2 | 2020-2021 | 5705 | 284 | 6,21% | 88,23% | 57,17% |
| 3 | 2021-2022 | 6232 | 173 | 4,54% | 92,88% | 81,97% |
| 4 | 2022-2023 | 6810 | 139 | 7,98% | 90,68% | 60,83% |
| 5 | 2023-2024 | 7184 | 171 | 6,89% | 93,79% | 56,75% |




**Орто кесиптик билим берүү боюнча 2019-2024-окуу жылдарында салыштырмалуу абсолюттук жана сапаттык жетишүүсү**

| № | Окуу жылдар | Жалпы студ. саны | Окуунун мыктылары | | Абсолюттук жетишүү, % | Сапаттык жетишүү, % |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | Кол-во | % | | |
| 1 | 2019-2020 | 2196 | 240 | 9,87% | 98,20% | 46,75% |
| 2 | 2020-2021 | 2364 | 88 | 3,30% | 96,90% | 73,50% |
| 3 | 2021-2022 | 2175 | 57 | 1,93% | 95,86% | 53,20% |
| 4 | 2022-2023 | 2049 | 66 | 1,37% | 90,07% | 50,25% |
| 5 | 2023-2024 | 2030 | 208 | 7,06% | 87,41% | 75,00% |




**ЖАМУ боюнча жылдарга салыштырмалуу бүтүрүүчүлөрү жөнүндө маалымат**

Жогорку билим берүү (багыты/адистиги, магистратура) боюнча **бүтүрүүчүлөрү жөнүндө маалымат**

| № | Окуу жылдары | Бакалавр/адистик | | | | | | МАГИСТР | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Күндүзгү | | | | Сырттан | | | |
| | | Бүтүрүүчүлөрдүн саны | Анын ичинен: бюджет | контракт | артыкчылык диплому менен | Бүтүрүүчүлөрдүн саны | артыкчылык диплому менен | Бүтүрүүчүлөрдүн саны | артыкчылык диплому менен |
| 1 | 2023-2024 | 1056 | 152 | 904 | 13 | 314 | 0 | 97 | 1 |
| 2 | 2022-2023 | 1144 | 182 | 962 | 17 | 376 | 0 | 49 | 0 |
| 3 | 2021-2022 | 656 | 212 | 185 | 41 | 291 | 3 | 33 | 0 |
| 4 | 2020-2021 | 665 | 173 | 235 | 30 | 196 | 0 | 0 | 0 |
| 5 | 2019-2020 | 618 | 189 | 429 | 51 | 438 | 0 | 0 | 0 |

**Орто кесиптик б**илим берүү боюнча **бүтүрүүчүлөрү жөнүндө маалымат**

| № | Окуу жылдары | Адистик | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Күндүзгү | | | | Сырттан | |
| | | Бүтүрүүчүлөрдүн саны | Анын ичинен: бюджет | контракт | артыкчылык диплому менен | Бүтүрүүчүлөрдүн саны | артыкчылык диплому менен |
| 1 | 2023-2024 | 1107 | 61 | 797 | 10 | 249 | |
| 2 | 2022-2023 | 903 | 35 | 135 | 2 | 186 | |
| 3 | 2021-2022 | 802 | 67 | 611 | 13 | 124 | |
| 4 | 2020-2021 | 1005 | 63 | 781 | 12 | 161 | |
| 5 | 2019-2020 | 1006 | 59 | 841 | 9 | 106 | |

Акыркы 5 жыл аралыгында ЖАМУ боюнча мамлекеттик аттестациянын жыйынтыгы менен абсолюттук жана сапаттык жетишүү

Күндүзгү окуу формасы боюнча

| Окуу жылдары | Бүтүрүүчүлөрдүн саны | Күндүзгү окуу бөлүмү | |
|---|---|---|---|
| | | Абсолюттук жетишүү, % | Сапаттык жетишүү, % |
| 2023-2024 | 1783 | 99,5% | 96,3% |
| 2022-2023 | 1188 | 98,6% | 95,2% |
| 2021-2022 | 621 | 99,1% | 93,9% |
| 2020-2021 | 666 | 96,0% | 95,0% |
| 2019-2020 | 621 | 94,1% | 93,9% |




**Акыркы 5 жыл аралыгында ЖАМУ боюнча мамлекеттик аттестациянын жыйынтыгы менен абсолюттук жана сапаттык жетишүү (колледждер боюнча)**




**Медициналык колледж**




**2023-2024-окуу жылына карата ЖАМУда 4 институт, 6 факультете, 7 колледж, 32 кафедра, 25 ПЦК бар.**

- магистратура- 10 багыт, аспирантура-14 багыт боюнча
- 5 жогорку адистик
- 25 багыт бакалавриат
- 31 орто кесиптик

**Окуу пландары:**

2023-2024-окуу жылында окуу пландардын иреттүүлүгүн, ыраattуулугун сактоо максатында: күндүзгү жана сырттан окуу формалары үчүн бакалавр боюнча 25 окуу планы, жаңысы -10, адистик боюнча 4, жаңысы - 1, орто кесиптик адистиктер боюнча 33 окуу план, магистратура боюнча 17, аспирантура боюнча 13 багыттар боюнча окуу пландар оңдоп түзөтүлдү.

Аймактагы факультет, колледждер боюнча 5 бакалавр, 11 орто кесиптик адистиктер боюнча окуу пландар кайрадан каралып түзүлдү.

**ЛИЦЕНЗИЯЛАР БОЮНЧА МААЛЫМАТ**

1) Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2023-жылдын 15-сентябрындагы № 5064/1 буйругунун негизинде лицензиялык текшерүү жүргүзүлүп, аспирантуранын 14 багыты боюнча күндүзгү окуу формасына лицензия алынды.

2) Кайра даярдоо курсу боюнча Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2024-жылдын 18-мартындагы № 426/1 буйругунун негизинде мөөнөтсүз лицензия алынды.

3) Билим берүү жана илим министрлигинин 2024-жылдын 13-майындагы № 736/1 буйругунун негизинде лицензиялык текшерүү жүргүзүлүп, аспирантуранын 14 багыты боюнча сырттан окуу формасына мөөнөтсүз лицензия алынды.

4) Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2024-жылдын 13-майындагы № 736/1 буйругунун негизинде лицензиялык текшерүү жүргүзүлүп, магистратуранын 8 багыты боюнча күндүзгү, сырттан, күндүзгү-сырттан (кечки) окуу формаларына мөөнөтсүз лицензия алынды.

Бакалавриаттын 730100 Токой иши жана ландшафтык курулуш (токой чарбасы) багыты боюнча күндүзгү окуу формаларына мөөнөтсүз (2024-жылдын 13-майындагы № 736/1) лицензия алынды.

6) Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2024-жылдын 16-августундагы №1292/1 буйругунун негизинде лицензиялык текшерүү жүргүзүлүп, бакалавриаттын 3 багыты, магистратуранын 1 багыты боюнча күндүзгү жана күндүзгү-сырттан (кечки) окуу формаларына мөөнөтсүз лицензия алынды.

7) 2023-жылдын 20-ноябрындагы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин № 5442/1 буйругунун негизинде түзүлгөн эксперттик комиссия тарабынан Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинде ишке ашырылып жаткан жогорку, орто жана кошумча билим берүү программаларынын лицензиялык талаптарга жооп бериши боюнча текшерүү жүргүзүлүп, өткөрүлдү.

## АККРЕДИТАЦИЯ БОЮНЧА МААЛЫМАТ

**1)** Эл аралык аккредитациялоо жана рейтинг агенттиги (НААР) тарабынан институционалдык аккредитациядан 5 жылга ийгиликтүү өтүп, 2023-жылдын 22-декабры менен АА 0259 номерлүү сертификаты алынды.

ЖАМУнун 550700 Педагогика, 580100 Экономика, 550100 Табигый-илимий билим берүү, 560005 Фармация жогорку кесиптик билим берүү программалары 2023-жылдын 15-16-ноябрь күндөрү (НААР) тарабынан сырткы текшерүүдөн өткөрүлдү жана 5 жылдык мөөнөткө аккредитацияланды.







## АККРЕДИТАЦИЯ БОЮНЧА МААЛЫМАТ

2024-жылдын март айында БИЛИМ-СТАНДАРТ аккредитациялоо агенттиги тарабынан аккредитацияланды:

610001 Ветеринария, 530500 Юриспруденция (юриспруденция),
532000 Дене тарбия жана спорт (педагогикалык),
540200 Социалдык иш (социалдык иш),
550400 Социалдык-экономикалык билим берүү (тарых),
531100 Лингвистика (маданияттар аралык байланыштын теориясы жана практикасы (англис тили)),
640200 Электроэнергетика жана электротехника (электроэнергетикалык түйүндөр жана тармактар, электр менен камсыздоо),
710100 Информатика жана эсептөө техникасы (маалыматтарды иштетүүнүн жана башкаруунун автоматташтырылган системасы) жогорку кесиптик билим берүү программалары 5 жылдык мөөнөткө Жалал-Абад, медициналык, экономика-юридикалык колледждеринин
140206 Электр чордондору, түйүндөрү жана тармактар,
050704 Мектепке чейинки билим берүү,
060109 Медайымдык иш,
060101 Дарылоо иши,
060102 Акушердик иш,
060108 Фармация,
080107 Салык жана салык салуу,
030503 Укук таануу,
040101 Социалдык иш орто кесиптик билим берүү программалары аккредитациядан ийгиликтүү 5 жылдык мөөнөткө өттү.





Независимое агентство аккредитации и рейтинга

2024-жылдын 4-апрелинде эл аралык аккредитациялоо жана рейтинг агенттиги (НААР) тарабынан 560001 Дарылоо иши, 560001 Дарылоо иши (чет өлкөлүк

жарандар үчүн) адистиктери эл аралык программалык аккредитациянын алкагында аккредитациядан кийинки мониторингден өткөрүлдү. Өзүн-өзү баалоо отчету орус жана англис тилинде ишке ашырылды.

**Билим берүү программаларынын рейтинги**

| Позициясы | ЖОЖ аталышы | баллы |
|---|---|---|
| 1. Гуманитардык илимдер | | |
| 4 | Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети | 812 |
| 2. Педагогикалык билим берүү | | |
| 2 | Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети | 8788 |
| 3. Саламаттыкты сактоо | | |
| 3 | Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети | 2306 |
| 4. Экономика жана башкаруу | | |
| 4 | Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети | 3410 |
| 5. Айыл чарбасы | | |
| 2 | Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети | 404 |
| 6. Энергетика жана электроэнергетика | | |
| 3 | Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети | 1292 |

**2024-жылдагы НААРдын рейтингинде ЖАМУнун Билим берүү программаларынын рейтинги**

| № | ББП аталышы | Ээлеген орду | 2023-ж. орду | 2022-ж. орду | 2021-ж. орду | 2020-ж. орду | 2019-ж. орду |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Юриспруденция | 3(4) | 2(4) | 3 (4) | 3 (5) | 3 (6) | 3 (4) |
| 2 | Табигый-илимий билим берүү | 2 (3) | 3 (4) | 4 (7) | 3 (7) | 2 (7) | 2 (6) |
| 3 | Физика-математикалык билим берүү | 2 (3) | 2 (5) | 2 (6) | 2 (7) | 2 (7) | 2 (7) |
| 4 | Филологиялык билим берүү | 2 (3) | 3 (7) | 2 (8) | 3 (9) | 2 (9) | 3 (8) |
| 5 | Социалдык-экономикалык билим берүү | 2 (3) | 2 (4) | 3 (5) | 4 (8) | 3 (8) | 3 (6) |
| 6 | Педагогика | 2(4) | 2(7) | 2 (9) | 4 (10) | 3 (8) | 3 (6) |
| 7 | Дарылоо иши | 3 (3) | 4 (5) | 5 (6) | 6 (6) | 5 (5) | 4 (4) |
| 8 | Фармация | 2 (2) | 2 (2) | 2 (2) | 2 (2) | 2 (2) | 1 (1) |
| 9 | Экономика | 2 (8) | 3 (10) | 3 (14) | 4 (12) | 4(14) | 7 (12) |
| 10 | Ветеринария | 2 (1) | 3 (3) | 3 (3) | 2 (3) | 2 (2) | 2 (2) |
| 11 | Энергетика жана электротехника | 3 (5) | 4 (6) | 4 (6) | 5 (6) | 3 (5) | 2 (5) |

ТОП-30 рейтинги

**2024-жылдагы НААРдын рейтингинде ЖАМУнун профессордук-окутуучулук курамдын рейтинги**

| Позициясы | Профессордук-окутуучулук курам | Ээлеген орду |
|---|---|---|
| 2 | Карбекова А.Б. | 3075 |
| 9 | Алибаев А.П. | 1575 |
| 12 | Сакбаева З.И. | 1500 |
| 13 | Усенов К.Ж. | 1400 |
| 16 | Аскарова А.К. | 1325 |
| 22 | Токоева Г.С. | 1075 |
| 23 | Абдраманов К.А. | 1050 |

**Улуттук рейтинг**

КРдагы ЖОЖдордун арасындагы 1-чи улуттук рейтингге катышуу боюнча тиешелүү документтер даярдалып (“Ednet”агенттиги), отчеттор жиберилди. 27 ЖОЖдон ЖАМУ 12 - орунга ээ болду

**Көп тилдүү билим берүү программалары боюнча**

Көп тилдүү билим берүү программаларынын алкагында жогорку билим берүү баскычта 550700 Педагогика багытынын Башталгыч билим берүү профилинин П-1-23 тайпасы

Атайын орто кесиптик билим берүү баскычта Жалал-Абад колледжинин 050709 Башталгыч класстарда окутуу адистигинин БКМк-4-23 тайпасы эксперименталдык окуу планы менен билим алып жатышат.

Субтесттердин негизинде студенттердин тил боюнча баштапкы билим денгээли аныкталды, окутуучулар CLIL технологиясы боюнча семинар-тренинге катышышты.

**Практиканын базалары жана алар менен түзүлгөн келишимдер**

| 2019-2020-окуу жылы | | 2020-2021-окуу жылы | | 2021-2022-окуу жылы | | 2022-2023-окуу жылы | | 2023-2024-окуу жылы | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Практика базалары | Келишимдер | Практика базалары | Келишимдер | Практика базалары | Келишимдер | Практика базалары | Келишимдер | Практика базалары | Келишимдер |

2019 жылдан бери практика базаларынын саны 234төн 681 ге өстү. Практика базалары менен келишим түзүү колго алынып, 2019-жылдан бери 5.5 эсеге жогорулады.

**Карьера боюнча жүргүзүлгөн иш чаралар**

Бүтүрүүчүлөрдун жумушка жайгашуусу ЖАМУнун сайтына жарыяланып турат: Педагогикалык багыт боюнча жана педагогикалык эмес багыт боюнча Жалал-Абад шаардык Эмгек, Миграция жана Жаштар бөлүмү менен бирге иш алып барылып, бош орундар такталып ЖАМУнун сайтынын бүтүрүүчүлөр бурчуна жайгаштырылды.

Педагогикалык багыттагы бүтүрүүчүлөр үчүн Жалал-Абад областынын билим берүү мекемелериндеги 2023-2024-окуу жылына карата бош орундар боюнча маалымат дагы сайтка жайгаштырылды.

Педагогикалык багытта бюджеттик негизде окууну аяктап жаткан бүтүрүүчүлөрдү окуу жылдын аягында атайын комиссиянын катышуусунда жумуш орундарына бөлүштүрүлдү. Педагогикалык эмес багыттагы бүтүрүүчүлөр үчүн да бош жумуш орундарга бөлүштүрүү карьера бөлүмүнүн адистери тарабынан уюштурулду. Буга чейин болгон эмес.

**Бүтүрүүчүлөрдүн жумушка жайгашуусу (акыркы беш жыл ичинде)**

| | 2019-2020-окуу жылы | | | 2020-2021-окуу жылы | | | 2021-2022-окуу жылы | | | 2022-2023-окуу жылы | | | 2023-2024-окуу жылы | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Бюд | Контр | Сырт. | Бюд | Контр | Сырт | Бюд | Контр | Сырт | Бюд | Контр | Сырт | Бюд | Контр | Сырт |
| Жалпы бүтүрүүчүлөр (саны) | 199 | 888 | 316 | 165 | 893 | 197 | 198 | 827 | 295 | 216 | 1810 | 316 | 217 | 1725 | 362 |
| Жумушка жайгашкандар (саны) | 159 | 608 | 154 | 135 | 580 | 110 | 168 | 573 | 174 | 183 | 1013 | 101 | 136 | 724 | 130 |
| Жумушка жайгашкандар % менен | 80% | 68,5% | 49% | 82% | 65,7% | 56% | 85% | 69,3% | 59% | 85% | 56% | 32% | 63% | 42% | 36% |

**Педагогикалык багыт боюнча:**

Акыркы беш жылдыкка салыштырмалуу 2023-2024-окуу жылындагы бүтүрүүчүлөрдүн ишке жайгашуусу проценттик катышта төмөндөгөн. Начар ишке жайгашуунун себептерине төмөндөгү жагдайлар кирет:

1. Бөлүнгөн билим берүү мекемелерде иш жок болуп чыккандыгы;
2. Билим берүү уюмдарындагы айлык акыларынын төмөндүгү;

**Педагогикалык эмес багыттар боюнча:**

2023-2024-окуу жылындагы педагогикалык эмес багыттар боюнча бүтүрүүчүлөрдүн ишке жайгашуунун начардыгы төмөндөгү себептер менен байланыштуу:

1. Айлык акысынын төмөндүгү жана иш орундарынын аздыгы;

**Өз ара кызматташуу боюнча түзүлгөн келишимдер**

**Жалпы келишимдер - 91**

- КМШ мамлекеттери менен –34
- Азия мамлекеттери менен –13

- Европа мамлекеттери -5
- Түндүк Америка мамлекеттери- 1
- Кыргызстандын ичиндеги-27
- Түрдүү консорциумдар, ассоциациялар, декларациялар – 11

**2022 жылдан азыркы күнгө чейин түзүлгөн келишимдер -26**

- КМШ мамлекеттери менен –7
- Азия мамлекеттери менен –5
- Европа мамлекеттери -4
- Кыргызстандын ичиндеги -10

**Окуу жылдар боюнча студенттердин академиялык мобилдүүлүгүнүн жүрүшү жөнүндө маалымат**

| Факультеттер | Ички мобилдүүлүк (офлайн режимде) | | | | Сырткы мобилдүүлүк | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2020-2021 | 2021-2022 | 2022-2023 | 2023-2024 | 2020-2021 | 2021-2022 | 2022-2023 | 2023-2024 |
| Э.Уметов атындагы педагогикалык | | | 3 | 4 | 4 | | 21 | 8 |
| Филологиялык | | | 7 | 14 | 10 | 4 | 14 | 6 |
| Медициналык | | 1 | 2 | | | 7 | 9 | |
| Экономико-юридикалык | | | 6 | 1 | 4 | | 19 | 10 |
| Табигый- техникалык | | | 4 | 3 | 5 | | 5 | |
| Жалпы | | 1 | 22 | 22 | 23 | 11 | 68 | 24 |

Эмгек тартиби

2023-2024-окуу жылында кетирген кемчиликтери үчүн кызматкерлерге жана окутуучуларга 45 жолу тартиптик жазалар берилген.

Булардын 25 окуу процессиндеги тартип бузуулар үчүн «эскертүү» берилген жана 17 кызматкерге «сөгүш» жарыяланган, анын ичинен 1 окутуучуга эки жолу тартиптик чара колдонулган

Жетишкендиктер

- Окуу процессин окутуунун кредиттик технологиясын пайдалануу, модулдук-рейтингтик системасын толук кандуу киргизүү (ЖТ-жетишүү), компьютердик тестирлөө аркылуу студенттердин жетишүүсүн ачык-айкын баалоо мүмкүнчүлүгү.
- Факультеттерде, колледждерде студенттердин билим деңгээли компьютердик тестирлөө аркылуу бааланып электрондук ведомосттор, балдык журналдар, окуу карточкасы, студенттердин жетишүүсү жөнүндө маалыматтар автоматташтырылып, AVN маалыматтык системасына киргизилди.
- Чет элдик ЖОЖдор менен биргеликте окутуучулардын, студенттердин мобилдүүлүгү боюнча иштер жүргүзүлдү.
- Окуу процессине байланыштуу жоболор жазылып, жоболорго өзгөртүүлөр киргизилип, алардын аткарылышы боюнча иштер жасалды.

Келечектеги милдеттер

- Иш берүүчүлөрдүн, буйрутма берүүчүлөрдүн (заказчиктердин) кызыкчылыктарына, талаптарына ылайык келген билим берүү программаларын иштеп чыгуу, модернизациялоо;
- Phd-докторантура, магистратура, специалитет, бакалавр жана ОКББ программалары боюнча жаңы адистиктерди ачуу;
- Чет элдик ЖОЖдор менен биргеликте “кош диплом” берүүчү билим берүү программаларын иштеп чыгуу иштерди улантуу;
- Окуу процессине тиешелүү практикалык, лабораториялык, клиникалык базаларды түзүүнү улантуу жана кеңейтүү;
- Окуу процессинде жаңы окутуу технологияларын жана методдорун пайдалануу менен билим сапатын жогорулатуу боюнча иштерди күчөтүү;
- ОПК кайра даярдоо курстарын ишке киргизүү, квалификациясын жогорулатуу боюнча иштерди жаңы деңгээлге көтөрүү;
- ОПКнын окуу-усулдук иштерди жакшыртуу, окуу куралдарын, китептерин ж.б. жазууну колго алуу;

Студенттердин системалык түрдө өз алдынча иштөөсүн тереңдетүү жана натыйжалуугун жогорулатуу менен үзгүлтүксүз билим алуусуна көзөмөл жүргүзүү максатында студенттердин жетишүүсүн жана билим сапатын баалоочу модулдук-рейтинг системасына тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүү;
Окуу жайыбызга өзгөчө макам берилгенине байланыштуу тиешелүү жоболорго өзгөртүүлөрдү киргизүү тапшырмасы турат. Бардык бөлүмдөр өзүнө тиешелүү жоболорду токтомго карап, кайра бекитүүгө, жаңы кабыл алууга өзгөртүү киргизүүгө жана жокко чыгарууга даярдап жатышат. Айрымдарына өзгөртүү киргизип, бүгүн бекитүүгө сунуштайбыз.

**Төрага:** Отчет бүттү, суроолор барбы?
**Г.С.Токоева-Э.Уметов атындагы ПФнын деканы:** Акыркы 5 жылдыктагы сынактардын статистикасын чыгарганда 2022-2023-окуу жылдарындагы айырма студенттердин контингентине байланыштуу болдубу?
**А.П.Алибаев-ОИ боюнча проректору:** Биз анализ жасап көргөндө студенттердин санына байланыштуу экени аныкталды.
**З.И.Сакбаева-профессор, мүчө:** Катышуусу, жетишүүсү боюнча тайпаларга да рейтинг жасай алдыңыздарбы?
**А.П.Алибаев-ОИ боюнча проректору:** Тайпаларга рейтинг чыгарбадык, окуу жылынын акырында ар бир факультет, колледж өздөрү чыгарышы керек.
**Төрага:** Эмне себептен бүтүрүүчүлөрдү жумушка жайгаштыруу мурдагыга салыштырмалуу 25% төмөндөптүр?
**А.П.Алибаев-ОИ боюнча проректору:** Өткөн жылы бюджеттик негиздеги бүтүрүүчүлөрдүн көпчүлүгү дипломдорун сатып алып кетишти. Алар эмгек мигранты болуп, башка өлкөлөргө кеткендиктен, кээ бирлери айлык акынын аздыгынан жана үй бүлөлүк шарттарына байланыштуу жайгашпай калды.
**М.Р.Шакирова-Конфуций институтунун директору:** Окуу процессин санариптештирип, АВН программасына өткөндүгүбүзгө байланыштуу иш кагаздарынын кайсылары кыскарды? Юридикалык күчкө ээ болгон документердин актуалдуулугу санарипте кандай деңгээлде турат? Академиялык мобилдүүлүк боюнча анализиңиз барбы? Мурдагы мобилдүүлүк менен учурдагы мобилдүүлүктүн кандай айырмачылыктары бар? Себептери жөнүндө айтсаңыз.
**А.П.Алибаев-ОИ боюнча проректор:**Санариптештирүүнүн негизинде дээрлик бардык документтер электрондошуп жатат. Электрондук журналдар колдонулуп, тайпалык журналдар актуалдуу болбой калды. Мобилдүүлүк мурдагыдай болбой калганынын себеби ар түрдүү. Студенттерди ата-энелери башка жактарга көп жөнөтүшпөйт, каржылоо маселеси бар. Ал эми мугалимерде да каржылоо жагы мобилдүүлүккө барган адамдан болгону үчүн каалоочулар болбой жатат. Ички мобилдүүлүк офлайн режимде, сырткы мобилдүүлүк онлайн режимде жүргүзүлүп жатат.
**А.М.Эшиев-профессор, мүчө:** Быйыл ЖАМУнун жамаатын аттестациялоо кандай болду, дагы өзгөрүү болушу мүмкүнбү? Мугалимдерди тестирлөөдө кемчиликтер болдубу? Кызматкерлерди аттестациялоонун жаңы формасына кандай баа бересиз, кемчиликтери, перспективасы кандай болот?
**А.П.Алибаев-ОИ боюнча проректор:** Аттестациялоонун перспективасы сиздер кандай чечсеңиздер ошондой болот. Анткени, Жобону ушул жерде чогуу кабыл алганбыз. Азыр дагы сунуштар болуп жатат, Жобого дагы өзгөртүүлөрдү кирет, ошонун негизинде иштейбиз. Бул жылы өзү окуткан предметинен тест тапшыруу жана абитуриенттерди алып келүү талабы жакшы ишке ашты. Абитуриенттерди алып келгендерге балл кошуп бергенбиз, эми конкурс болбой, тайпа толбой жаткан жана жаңы ачылган адистиктерге абитуриент алып келгендерге балл кошуп берүүнү Жобого киргизебиз деп жатабыз.
**Төрага:** Бизде аттестациялоонун критерийлери ар кандай болушу керек. А.П.Алибаев, сиз суроону жакшы түшүнсөңүз, “Мугалимдерден тест алуунун жыйынтыгы кандай болду?”деген суроо болуп жатат.
**А.П.Алибаев-ОИ боюнча проректор:** Тесттин жыйынтыгы ар факультетте, ар адистикте ар кандай болду.

**Төрага:** Жыйынтыгы жакшы болдубу, же начар болдубу?
**А.П.Алибаев-ОИ боюнча проректор**: Жобо боюнча иш алып бардык, максатына жетти.
**А.М.Эшиев-профессор, мүчө:** Аттестациялоонун Жобосун ошол боюнча калтырабызбы, же өзгөрөбү?
**А.П.Алибаев-ОИ боюнча проректор**: Жобо дагы өзгөрөт. Сиздер кандай кабыл алсаңыздар ошол боюнча иш алып бардык. Мугалимдердин билим сапатын текшерели деген максатыбыз ишке ашты.

**ЖАРЫШ СӨЗГӨ ЧЫККАНДАР:**
**Төрага:** Кандай болсо да окуу процесси жүрдү. Окуу процессин жогорку деңгээлде жүргүзө беришибиз керек. Бүгүн эрте менен 2 сааттык жыйында да айтылды. Бир калыпта эле жүрө бербестен улам жаңы нерселерди кабыл алып, жоболорго өзгөртүү киргизип заманга жараша өзгөрө беришибиз керек. Мугалимдердин өзү окуткан предметтеринен тест алуу да сапатты жогорулатууга багытталды. Бул жылы башкача система менен мугалимдердин рейтингин чыгарабыз. Ар бир кафедрадан, ар бир ПЦКдан рейтинги эң төмөн болгон, тесттик тапшырманы 50 балга жеткире албаган мугалимдин иш-аракетин талкуулап, жумуштан кетирүүнү колго алабыз. Антпесек, өзүнүн үстүнөн иштеген мугалимдер азайып бара жатат. Деңгээли туура келбесе, сабакты жакшы окута албаса, өз убагында ишке келбесе, кафедранын коомдук иштерине, уюштуруу иштерге катышпаса, өзүнүн үстүнөн иштебесе эмне үчүн айлык алып жүрөт!? Эптеп эле иштемиш болуп жүргөндөрдү башынан сылай берген мезгил өттү. Окутканы деле, окутпай жүргөнү деле бирдей айлык алып жүрөт! Ушул нерселерди кафедра башчылары, эске алып коюңуздар! Баарынын маселесин мыйзам чегинде чечебиз. Кызмат ордуна дал келүүсүнө көңүл бөлүшүбүз керек. Анткени, өзгөчө статусту алдык, ошого жараша талап болот. А.Жапаровдун мугалимдерге, жетекчилерге карата айткан сөздөрүн уктуңарбы?
**СУНУШ:** А.Пахырович, мен университетке жаңы ишке келгенде окуу бөлүмүнүн башчысы ушул формада отчёт берчү. Ошого бир топ жыл болду. Ошондон бери ошол отчёттун формасы өзгөрүлбөй келе жатат. Замандын өзгөрүшү менен бираз өзгөртүп, эч болбогондо формаларын алмаштырып койсоңор болмок. 1000 сааттын 98зи аткарылбай калса ошону да маселе кыласыңарбы, жок дегенде 50% аткарылбай калса маселе жаратсаңар жарашат эле. Баарыбыз отчеттогу таблицаларды түшүнбөсөк да карап чыгууга туура келди. Таблица көрсөтүлгөн жерде, кара сөз менен саясатын айтып беришиңиз керек болчу.
**М.Р.Шакирова-Конфуций институтунун директору:** Жогоруда суроо бердим эле, ошол боюнча пикиримди билдирип коёюн. Санариптешүүгө өткөндөн кийин бир топ иш-кагаздары иштебей, электрондошуп калышы керек. Мурда кафедралык журналга студенттин катышуу-жетишүүсү белгиленип турат эле. Азыр элекрондук журналга нб дан башка белги коюлбай калды. Ошол документтердин бирөө юридикалык күчүндө турушу керек деп ойлойм. Анткени, каалаган учурда студенттин сабакка катышуу-жетишүүсү сакталып калышы керек. Бир эле мисалды айтсам, Нарматова деген студент бир да сабакка келген эмес. Ал боюнча маалымат бир жерде сакталып турушу керек. Порталдагы маалыматтар улам эле өзгөрө бербеши керек. Азыр биздин студенттер ЛАЗга калгандан коркушпай калды. ЛАЗ деген студент үчүн майрам болгону менен декандар үчүн ашыкча эле жумуш – кайра-кайра график түзүп, бир эле студент үчүн бир канча кагаз иштетишет, ЛАЗ ачып убара болушууда. Ушундай ойлорду айтса эле “артка кайткысы келип жатат, артка жол жок” деп жатат экенсиздер. Отработканын да жаңыча механизмдерин ойлоп тапсак болот го. Бир да сабакка келбеген студент туура эле ЛАЗга кирип, сынактарын тапшырып жатпайбы. Күндө сабакта отурган студент менен сабакка такыр келбеген студенттин ортосунда айырма болушу керек да. Антпесек, бар студентибиздин көңүлүн калтырып, окугусу келбей калышы мүмкүн жана жоготуп алышыбыз да мүмкүн. Отработканын жаңыча механизмин, платформасын түзүп алып, мисалы, келбеген студент кайра эле ошол калтырып койгон программаны окуп чыгышы зарыл. Ал үчүн кошумча график, кошумча окутуу болобу, эч болбогондо келбеген студент сабак берген мугалимди таанып, кайсы сабакты окуп

жатканын билиши керек да. Ал эми мобилдүүлүк боюнча бизде сырткы мобилдүүлүк аз болуп жатат деген ой айтылды. Конфуций институту менен ФФда ошол программа каалайбызбы жокпу ишке ашып жатат. Анткени, бизде ошондой программа бар. Максатыбыз бир болгондон кийин мобилдүүлүккө жиберүүнү колдоп, көмөктөшүп турсаңыздар жакшы. Анткени, мобилдүүлүккө даярдап койгон студенттердин да жолун тосуулар болуп жатат. Мобилдүүлүк программасын өтөп келгенден кийин алар университет үчүн, коом үчүн, өлкө үчүн кызмат кылышарын эске алуубуз керек.

Университеттеги кайсы процесс болбосун баарынын төрагалыгында А.Пахырович - сизди көрөбүз. Мен бир да комиссияга кошулган эмесмин, кошулганга каалоом да, убактым да жок. Бирок, ошол сиз төрагалык кылган комиссияларда субьективдүү чечимдер, субьективдүү мамилелер болуп калганын көрүп, угуп жатам. Агай, ошондой учурда болушунча обьективдүү карай берсеңиз, анткени, университет 5-6 мугалимден турбайт. Жалпы жамаат 1500дөй экенбиз. Бул маселени жекече да сүйлөшүп, “макул” дегениңизден кийин да ошол адатыңыз кайталанып жатат. Бул боюнча менде фактылар бар, дагы сүйлөшөбүз. Сайттагы “жазгычтар” (Д.М.Чокоева) жарыялаган маалыматтарда да сиздин иш-аракеттериңизди жазып жатышат. Сизге кайсы бир бөлүмдүн башчысы кабинетиңизге кирип бир топко чейин отуруп, сизге каалагандай ой-пикир айтып, керек учурунда “мажбурлаганын” айтып жатат. Негизи ошондой учурлар болгон, убагында. Кайсы бир бөлүм башчысы сизге киргенге, кабинетиңизде бир нече сааттап отуруп ойлорун айтканга, сизге оюн таңуулаганга, мажбурлаганга укугу барбы, ошондой укук кайсы бөлүмдүн башчысына берилген? Ошону ачык айтыңыздар, биз ошого макул бололу. Менимче, андай укук эч кимге берилген эмес! А.Пахырович, сиз, университеттин биринчи проректорусуз, демек, бөлүм башчылары сизге акыл айтканга, кеңеш бергенге, 3-4 саат отуруп кайсы бир кызматкерди жамандап, ага карата тукурганга эч кандай укугу жок экенин абдан жакшы билесиз. Ошол учурда ошолорду жолго коюп коюшуңуз керек болчу. Ким жөнүндө сөзү бар болуп кирсе, ошолордун эшигин көрсөтүп коюшуңуз керек болчу. Андай кылбаганыңыз өтө өкүнүчтүү. Ал нерсе мына бүгүн ачыкка чыкты. Буга чейин да мен айткан болчум, “жазгычтар” муну да ачыктап сайтка жарыялап олтурат. Мындан кийинки ишмердүүлүктө ушундай нерселердин кайталанбашын каалайм! Мунун баары менин пикирим, суроо берген жокмун, жооп беришиң шарт эмес. Сиздин кабинетиңизге бөлүм башчылар киргенин уккан сырттагылар “анда барып, тиричилигибизди жасап келе берели, али чыкпайт” деген пикирлерин айтышканын укканбыз. Ошонун кесепетинен бүгүнкү күндө окуу процессинде толтура кемчиликтер бар. Ал кемчиликтер боюнча бизде далилдер жетиштүү. Окуу процессине келгенде бул жыйынтыктар баарыбыздын иш-аракетибиздин жыйынтыгы. Бул көрсөткүч ар дайым эле ушундай болгон, болуп келе жатат, төмөн болуп калышы мүмүн эмес. Ошондуктан отчет болгондон кийин канааттандырарлык деп баалоого болот.

**А.П.Алибаев-ОИ боюнча проректор:** Жогоруда айтылган пикирге мен да пикиримди айтышым керек. Биринчиден “мобилдүүлүк боюнча бут тосуулар болуп жатат” дегенге макул эмесмин. Ал жерде мен проректор катары ушул күнгө чейин эч кимге бут тоскон эмесмин. Бул өзүңөрдүн кемчилигиңер болгон. Документтери туура болбой жөнөтө бергениңерден келип чыккан. Ал жерде эч кимдин колу жок түз эле проректорго жөнөтүп жатасыңар. Экинчиден, кайсы бөлүм башчысы кирип мага акыл айтыптыр? Мага баарынын киргенге укугу бар. Лаборант, дворник кирсе да кабыл ала берем, милдеттүүмүн. Сиз гана кирбейсиз, айтыңызчы, акыркы жолу сиз мага качан кирдиңиз, кирбейсиз дагы. Маселеңиз болсо айтыңыз ушул жерде, сүйлөшөлү. Мен ал жерде буфер болуп турам. Мен жаңы ишке киргенде К.Ж.Усенов менен сүйлөшкөнбүз. Ал мага айткан: -Атабек, мага киши көп келет, мага кире албагандардын баарын сен кабыл аласың, сага айтып желин чыгарып кетиши керек”-деп. Ошондуктан мен баарын кабыл алам. Мен бирөө менен 4 саат отурганды, бирөөнүн маселесин 4 саат укканды каалабайм. Ал эми окуу процессинде иш жүрдү кемчиликсиз иш болбойт, ким болбосун иштеген жеринде кемчилик кетирет. “Комиссиянын баарында барсыз” деп жатасыз, менин иш стилим ошондой бардык комиссиянын төрагасы болом, баарын көзөмөлгө алам. Кагаз иштеринин баарын текшергенге аракет жасайм. Ар нерсени айтса боло берет, бир нерсени айтаарда ойлонуп сүйлөө керек.

**Төрага:** Ойлор ушул жерде айтылыш керек жана айтуу керек. Бардык айтылган сөздүн чечими болушу зарыл, маселе мына ошондо турат. Азыркы айтылган нерселердин позициясын туура кылып айтуу керек. Ар бир кирген киши менен 4 сааттап отура бергенге болбойт...

**А.П.Алибаев-ОИ боюнча проректор:** Андай болгон эмес, кирген киши менен 4 саат сүйлөшүп отура бергидей менин убактым да жок. 4 сааттан сүйлөшсөк обед болот. Кичине ойлонуп сүйлөсөңөр, дабдырап, ой келди эле сөз деп сүйлөй бербей.

**М.Р.Шакирова-Конфуций институтунун директору:** А.Пахырович, айтыша бербеңиз, процедураны сактаңыз. Мени "дабдыратпай" эле ишиңизди кылыңыз. Сөзүңүзгө жооп берип каласыз.

**А.П.Алибаев-ОИ боюнча проректор:** Бирөөнү төрт сааттан кабыл алсам жинди болуп калам го.

**М.Р.Шакирова-Конфуций институтунун директору:** Бул маселеде мен сизге кирип сүйлөшүп, сүйлөшүүнү диктафонго жаздырып чыкканмын. Ал жерде сизге кирип проблемасын айтып төрт сааттан отуруп алышканын өзүңүз айткансыз. Ар бир айткан сөзүңүздү этияттап айтыңыз.

**А.П.Алибаев-ОИ боюнча проректор:** Проректор өзүнүн ишине өзү бут тособу?

**Төрага**: А.Пахырович, кыйкырбай эле, дабдыратпай эле айтыңыз.

**А.П.Алибаев-ОИ боюнча проректор:** Мен дабдырап жатпаймынбы, 4 сааттан кишини алып отура бербейм да.

**М.Р.Шакирова-Конфуций институтунун директору:** АКта да, ОКда да эч процедура, график сакталбай эле жатат.

**Төрага:** Күн тартибиндеги маселени жыйынтыктасак. Окуу процесси боюнча ойлоңуздарды уктук.

Жогорудагы маселе боюнча ОКтун жыйыны төмөндөгүдөй

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

1. Окуу иштери боюнча проректордун очёту канааттандыраарлык деп табылсын.
2. Отчётто айтылган сунуштардын негизинде тиешелүү иш-чаралар иштелип чыксын.
3. Заманбап билим берүү технологияларын окуу процессинде колдонуу күчөтүлсүн.
4. Окуу процессине тиешелүү практикалык, лабораториялык, клиникалык базаларды түзүүнү улантуу жана кеңейтүү иштери күчөтүлсүн.

Көчүрмө анык

Окумуштуу катчы Ырысбай к.С.

КАНЦЕЛЯРИЯ